Кыргыз тили жана адабияты (орус класс). 1-күн.

1. **Ырды көркөм окугула.**
2. **Ырдын темасын жана көркөм идеясын аныктагыла.**
3. **Ырдын формасына жана мазмунуна талдоо жүргүзгүлө.**

Бала чак

Кечеги эле ойноп жүргөн бала чак,
Алда кайда калган экен карасак.
Комуз чертип, кызыл-тазыл кийинип,
Кош айтышып, колун булгап баратат.

Тоо чымчыктай сайраган кез таранып,
Бүт дүйнөгө өзүң жалгыз жаралып.
Шайы көйнөк, жибек жоолук желбиреп,
Сулуу кыздай күлүп өттү балалык.

Бул өмүргө миң жашасаң тойбойсуң,
Өмүр көлүн өнөр менен бойлойсуң.
Анда-санда таш күзгүдөн каранып,
Жайдын өтүп, күз түшкөнүн ойлойсуң.

Райкан Шүкүрбеков

Ырды талдап берүү

Тема – турмуштук-философиялык; балалык.

Көркөм идея – балалыктын мааниси, өмүрдүн эң бактылуу кези экендиги, балалык өтүп бара жаткандагы өкүнүү сезими.

Формасы

Төрт саптан турган ыр.

Силлабикалык ыр түзүлүшүндө: 11 муундан турат.

Уйкаштык

1. Бул ыр аксак уйкаштык менен түзүлгөн.
2. Уйкашкан сөздөрдүн саптын кайсы жеринде орун алышына карай – аяккы уйкаштык, себеби аяккы сөздөр уйкашкан.
3. Уйкаштыкты түзгөн сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын түзүлүшүнө карай – жөнөкөй уйкаштык, себеби бирден гана сөздөр уйкашкан.
4. Уйкаштыкты түзгөн тыбыштардын сөздөгү катышына карай – толук уйкаштык, себеби бардык муундар уйкашат.

Мазмуну

Акын көбүнесе турмуштук-адабий лексиканы колдонгон. Балалык адам кейпине келтирилип (антропоморфизацияланып), көркөм сүрөттөлгөн. Мисалы, биринчи куплетте кооз кийинип, комуз черткен адамга салыштырылса, экинчи куплетте шайы көйнөк кийген сулуу кыздын образында чагылдырылган.

Көркөм окууну баалоо критерийлери
(орус класстары үчүн)

Максималдуу балл – 20.

Эскертүүлөр:
1. Тапшырманы аткаруу маалында монотондуу (бир калыптагы) көркөм окуу орун алса, төмөн балл же нөл менен бааланат.
2. Чыгарманы сахналаштыруу, аны айтууда атайын кийимдерди кийүү ж.б.у.с. ТАЛАП КЫЛЫНБАЙТ жана БААЛАНБАЙТ, анткени бул негизги талаптарга туура келбейт. Эң негизгиси окуучу авторду, анын чыгармасынын маанисин, автордун позициясын, ал позицияны туюндурууда колдонгон ыкмаларын түшүнүшү керек. Көркөм окулган текстти талдоо ушул өңүттө болуусу абзел.

Пункт № / Критерийлер	**Көрсөткүчтөр (индикаторлор)**	**Балл**
1. Окуу жана кеп техникасы	1. Авторду жана чыгарманы атайт – **1 балл.** 2. Толук текстти көркөм окуп берет – **3 балл.** 3. Сөздөрдү жана айтымдарды (сөз айкаштарын, фразеологизмдерди, сүйлөмдөрдү) туура айтат – **1 балл.**	**5 балл**
2. Кеп логикасы	Бүткүл текстте логикалуу тынымдар менен басымдарды сактайт – **2 балл.**	**2 балл**
3.Эмоционалдуу-образдуу көркөмдүүлүк	1. Автордун сезимдерин, каармандын санааларын жалпысынан берет: сүйүнсө – сүйүнөт; таң калса – таң калат ж.б.у.с. – **1 балл.** 2. Ымдоо-жамдоолор тексттин мазмунуна шайкеш келет – **1 балл.**	**2 балл**
4. Чыгарманы талдап берүү	1. Ырдын темасын жана көркөм идеясын аныктайт – **2 балл.** 2. Ырдын формасына жана мазмунуна талдоо жүргүзөт: а) ырдын түзүлүшүн аныктайт – **2 балл;** б) бул чыгармадагы көркөм кептин өзгөчөлүктөрүн (сүрөттөө-туюндуруу каражаттары, деталдары ж.б.у.с.) аныктайт, теориялык-адабий түшүнүктөрдү колдонот – **2 балл.** 3. **Кептин тууралыгын көрсөтөт** (кыргыз адабий тилинин орфоэпия, акцентология, сөз жасоо, морфология, синтаксис, кеп нормаларын сактоо) – **2 балл.** 4. Калыстар тобунун берген суроолоруна мазмундуу жооп берет – **3 балл.**	**11 балл**
	Бардыгы	**20 балл**

Кыргыз тили жана адабияты (орус класс). 1-күн.

1. **Ырды көркөм окугула.**
2. **Ырдын темасын жана көркөм идеясын аныктагыла.**
3. **Ырдын формасына жана мазмунуна талдоо жүргүзгүлө.**

Кеткендердин айлында

Тирүүлөрдүн айлында бирге жүргөн,
Тамашалуу сүйлөшүп жайдар күлгөн.
Канча курдаш карасам көчүп кетти,
Кечээ гана келберсип өмүр сүргөн.

Кеткендердин айылы катар турат,
Күмбөздөрдүн мезгилден четтери урап.
Көз жаш менен сугарып коюп кеткен,
Гүлдестелер саргайып күнгө куурап.

Кеткендердин айылын аралаймын,
Кейий берип жүрөктү жаралаймын.
Эрте-кечтир бир күнү келемин го,
Эмнеликтен буларга каралаймын...

Тенти Адышева

Ырды талдап берүү

Тема – турмуштук-философиялык; өлүм тууралуу ой толгоо.

Көркөм идея – өлүмдүн чындыгы.

Формасы

Төрт саптан турган ыр.

Силлабикалык ыр түзүлүшүндө: 11 муундан турат.

Уйкаштык

1. Бул ыр аксак уйкаштык менен түзүлгөн.
2. Уйкашкан сөздөрдүн саптын кайсы жеринде орун алышына карай – аяккы уйкаштык, себеби аяккы сөздөр уйкашкан.
3. Уйкаштыкты түзгөн сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын түзүлүшүнө карай – жөнөкөй уйкаштык, себеби бирден гана сөздөр уйкашкан.
4. Уйкаштыкты түзгөн тыбыштардын сөздөгү катышына карай – толук уйкаштык, себеби бардык муундар уйкашат.

Мазмуну

Акын көбүнесе адабий лексиканы колдонгон. “Кеткендердин айылы” деген өтмө мааниге ээ өзгөчө поэтикалык айтым колдонулуп, каза болгон адамдар көмүлгөн мүрзөлөрдү чагылдырган. “Көз жаш менен сугаруу” сөз айкашы метафоралык түзүлүш болуп, тирүүлөрдүн кайгысын көркөм сүрөттөгөн. “Эмнеликтен буларга каралаймын” риторикалык суроосу бар.

Көркөм окууну баалоо критерийлери
(орус класстары үчүн)

Максималдуу балл – 20.

Эскертүүлөр:
1. Тапшырманы аткаруу маалында монотондуу (бир калыптагы) көркөм окуу орун алса, төмөн балл же нөл менен бааланат.
2. Чыгарманы сахналаштыруу, аны айтууда атайын кийимдерди кийүү ж.б.у.с. ТАЛАП КЫЛЫНБАЙТ жана БААЛАНБАЙТ, анткени бул негизги талаптарга туура келбейт. Эң негизгиси окуучу авторду, анын чыгармасынын маанисин, автордун позициясын, ал позицияны туюндурууда колдонгон ыкмаларын түшүнүшү керек. Көркөм окулган текстти талдоо ушул өңүттө болуусу абзел.

Пункт № / Критерийлер	**Көрсөткүчтөр (индикаторлор)**	**Балл**
1. Окуу жана кеп техникасы	1. Авторду жана чыгарманы атайт – **1 балл.** 2. Толук текстти көркөм окуп берет – **3 балл.** 3. Сөздөрдү жана айтымдарды (сөз айкаштарын, фразеологизмдерди, сүйлөмдөрдү) туура айтат – **1 балл.**	**5 балл**
2. Кеп логикасы	Бүткүл текстте логикалуу тынымдар менен басымдарды сактайт – **2 балл.**	**2 балл**
3.Эмоционалдуу-образдуу көркөмдүүлүк	1. Автордун сезимдерин, каармандын санааларын жалпысынан берет: сүйүнсө – сүйүнөт; таң калса – таң калат ж.б.у.с. – **1 балл.** 2. Ымдоо-жамдоолор тексттин мазмунуна шайкеш келет – **1 балл.**	**2 балл**
4. Чыгарманы талдап берүү	1. Ырдын темасын жана көркөм идеясын аныктайт – **2 балл.** 2. Ырдын формасына жана мазмунуна талдоо жүргүзөт: а) ырдын түзүлүшүн аныктайт – **2 балл;** б) бул чыгармадагы көркөм кептин өзгөчөлүктөрүн (сүрөттөө-туюндуруу каражаттары, деталдары ж.б.у.с.) аныктайт, теориялык-адабий түшүнүктөрдү колдонот – **2 балл.** 3. **Кептин тууралыгын көрсөтөт** (кыргыз адабий тилинин орфоэпия, акцентология, сөз жасоо, морфология, синтаксис, кеп нормаларын сактоо) – **2 балл.** 4. Калыстар тобунун берген суроолоруна мазмундуу жооп берет – **3 балл.**	**11 балл**
	Бардыгы	**20 балл**

Кыргыз тили жана адабияты (орус класс). 1-күн.

1. **Ырды көркөм окугула.**
2. **Ырдын темасын жана көркөм идеясын аныктагыла.**
3. **Ырдын формасына жана мазмунуна талдоо жүргүзгүлө.**

Каламга

Сен жолдошум, сен кубатым, сен бактым,
Ашык болуп, издеп жүрүп мен таптым.
Колуктумдан мурда сүйүп өзүңдү,
Өз жанымдын жармысынан жараттым.

Чырагымсың, айсыз түндө адашпайм,
Ынагымсың, жан чыкканча тарашпайм.
Дүркүрөгөн дөөлөтүмсүң, каламым,
Вашингтон долларына алмашпайм.

Командириң – эл намысы, эл анты,
Сага ишенип, курч куралын карматты.
Ошондуктан өрт аралап бараткан –
Сен доорумдун танка минген солдаты.

Эгер өлкөм керек десе, биз белен,
Эл эрки үчүн туулганбыз энеден,
Жүрөгү чоң баатырларбыз бактылуу –
Жер шарынын азаттыгын ээлеген.

Алыкул Осмонов

Ырды талдап берүү

Тема – турмуштук-атуулдук; социализмди курууда адабияттын мааниси.

Көркөм идея – лирикалык каармандын калеми менен сүйлөшүп, акындыктын маанисин ачып бериши, акындык таланттын эл кызматында болушу.

Формасы

Төрт саптан турган ыр.

Силлабикалык ыр түзүлүшүндө: 11 муундан турат.

Уйкаштык

1. Бул ыр кайчы уйкаштык менен түзүлгөн.
2. Уйкашкан сөздөрдүн саптын кайсы жеринде орун алышына карай – аяккы уйкаштык, себеби аяккы сөздөр уйкашкан.
3. Уйкаштыкты түзгөн сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын түзүлүшүнө карай – жөнөкөй уйкаштык, себеби бирден гана сөздөр уйкашкан.
4. Уйкаштыкты түзгөн тыбыштардын сөздөгү катышына карай толук жана толук эмес уйкаштыктар бар, себеби экинчи куплетте сап соңундагы сөздөрдүн бардык муундары уйкашса, калган куплеттерде аяккы муундар гана уйкашат.

Мазмуну

Акын атуулдук теманы, социалисттик күрөштү ачып бериш үчүн лирикалык чыгармаларда кездешпей турган сөздөрдү да колдонгон. Мисалы, жаңы жашоо, жаңы коом куруу үчүн адабият курал катары колдонула турганын көрсөтүү максатында аскердик терминдер пайдаланылган. Алсак, элдин мүдөөсү, мамлекеттин өнүгүүсү командир болсо, адабият танка минген солдатка салыштырылган.

Көркөм окууну баалоо критерийлери
(орус класстары үчүн)

Максималдуу балл – 20.

Эскертүүлөр:
1. Тапшырманы аткаруу маалында монотондуу (бир калыптагы) көркөм окуу орун алса, төмөн балл же нөл менен бааланат.
2. Чыгарманы сахналаштыруу, аны айтууда атайын кийимдерди кийүү ж.б.у.с. ТАЛАП КЫЛЫНБАЙТ жана БААЛАНБАЙТ, анткени бул негизги талаптарга туура келбейт. Эң негизгиси окуучу авторду, анын чыгармасынын маанисин, автордун позициясын, ал позицияны туюндурууда колдонгон ыкмаларын түшүнүшү керек. Көркөм окулган текстти талдоо ушул өңүттө болуусу абзел.

Пункт № / Критерийлер	**Көрсөткүчтөр (индикаторлор)**	**Балл**
1. Окуу жана кеп техникасы	1. Авторду жана чыгарманы атайт – **1 балл.** 2. Толук текстти көркөм окуп берет – **3 балл.** 3. Сөздөрдү жана айтымдарды (сөз айкаштарын, фразеологизмдерди, сүйлөмдөрдү) туура айтат – **1 балл.**	**5 балл**
2. Кеп логикасы	Бүткүл текстте логикалуу тынымдар менен басымдарды сактайт – **2 балл.**	**2 балл**
3.Эмоционалдуу-образдуу көркөмдүүлүк	1. Автордун сезимдерин, каармандын санааларын жалпысынан берет: сүйүнсө – сүйүнөт; таң калса – таң калат ж.б.у.с. – **1 балл.** 2. Ымдоо-жамдоолор тексттин мазмунуна шайкеш келет – **1 балл.**	**2 балл**
4. Чыгарманы талдап берүү	1. Ырдын темасын жана көркөм идеясын аныктайт – **2 балл.** 2. Ырдын формасына жана мазмунуна талдоо жүргүзөт: а) ырдын түзүлүшүн аныктайт – **2 балл;** б) бул чыгармадагы көркөм кептин өзгөчөлүктөрүн (сүрөттөө-туюндуруу каражаттары, деталдары ж.б.у.с.) аныктайт, теориялык-адабий түшүнүктөрдү колдонот – **2 балл.** 3. **Кептин тууралыгын көрсөтөт** (кыргыз адабий тилинин орфоэпия, акцентология, сөз жасоо, морфология, синтаксис, кеп нормаларын сактоо) – **2 балл.** 4. Калыстар тобунун берген суроолоруна мазмундуу жооп берет – **3 балл.**	**11 балл**
	Бардыгы	**20 балл**